КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ

ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК

2026-жыл 12-январь № 1 Бишкек шаары

Инфляциянын иш жүзүндөгү деңгээлине индексациялоону эске алуу менен 2026-жылга карата «Бишкек жылуулук тармагы» муниципалдык ишканасынын тармактарына кубаттуулук бирдигин технологиялык кошууга төлөмдүн базалык өлчөмүн бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө» мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин 2025-жылдын 2-июлундагы № 93-нпа «Кыргыз Республикасында курулушка документтерди берүү жана инженердик тармактарга кошуу тартибин бекитүү жөнүндө» буйругуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1. 2026-жылдын 1-январынан тартып инфляциянын иш жүзүндөгү деңгээлине индексациялоону эске алуу менен «Бишкек жылуулук тармагы» муниципалдык ишканасынын тармактарына кубаттуулук бирдигин технологиялык кошуу үчүн төлөмдүн базалык өлчөмү 1 Гкал/саат жылуулук энергиясына 6 701,57 миң сом өлчөмүндө бекитилсин (салыктарды эсепке албаганда).

2. Ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген технологиялык кошуу үчүн төлөмдүн базалык өлчөмү Бишкек шаарындагы жылуулук менен жабдуучу мекемелер үчүн бирдиктүү көрсөткүч болуп аныкталсын.

3. Бишкек шаарынын жылуулук менен жабдуучу мекемелери ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген өлчөмдө өздөрүнүн тармактарына кубаттуулук бирдигин технологиялык кошуу үчүн төлөмдүн базалык өлчөмүн колдонушсун.

4. Жылуулук менен жабдуучу мекемелер 2026-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке

технологиялык кошуу үчүн төлөмдүн базалык өлчөмүн колдонуу боюнча отчетторду берсин.

5. 2026-жылдын 1-январынан тартып төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2025-жылдын 22-январындагы № 18 «Инфляциянын иш жүзүндөгү деңгээлине индексациялоону эске алуу менен 2025-жылга карата «Бишкек жылуулук тармагы» муниципалдык ишканасынын тармактарына кубаттуулук бирдигин технологиялык кошууга төлөмдүн базалык өлчөмүн бекитүү жөнүндө» буйругу;

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2025-жылдын 24-октябрындагы № 213 «Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2025-жылдын 22-январындагы № 18 «Инфляциянын иш жүзүндөгү деңгээлине индексациялоону эске алуу менен 2025-жылга карата «Бишкек жылуулук тармагы» муниципалдык ишканасынын тармактарына кубаттуулук бирдигин технологиялык кошууга төлөмдүн базалык өлчөмүн бекитүү жөнүндө» буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу буйругу.

6. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту «Бишкек жылуулук тармагы» муниципалдык ишканасынын дарегине жиберсин.

7. Маалымат-катчы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

Директор **Т. Э. Орозалиев**